# НАМАЗ

***Сүйүктүү кыздар!***

*Намаз окуу – Аллах Таала бизге буйрук кылган ибадаттардын эң маанилүүсүнүн бири. Раббыбыз бизге: "**Намазды кемчиликсиз, туура окугула жана Намазга бекем болгула**", – деп эскертет.*

*Пайгамбарыбыз Мухаммед (с.а.в): "**Намаз - диндин тиреги**", – деген. Намаз окуу аркылуу динибизди сактап, ыйманыбызды бекемдейбиз. Намаз бизге бейиштин эшиктерин ачат. Анткени, пайгамбарыбыз (с.а.в.) "**Намаз - бейиштин ачкычы**", – деген.*

*Бардык мусулмандардын намаз окушу парз, башкача айтканда, намаз – Аллах Тааланын буйругу.*

*Күндө беш маал намаз окуйбуз. Алар: **Багымдат, Бешим, Аср, Шам** жана **Куптан** намаздары.*



***Намазды баштоодон мурда:***

- *Даарат алабыз. Анткени дааратсыз намаз окууга болбойт.*
- *Намаз окуган жерибиздин жана кийген кийимибиздин тазалыгына көңүл бурабыз.*
- *Денебиздин жабылышы керек болгон (уяттуу) жерлерин жабабыз.*
- *Кыблабыз болгон "**Каабатуллага**" жүзүбүздү бурабыз.*
- *Намазыбызды өз убагында окуйбуз. Убагын өткөрүп жиберүүгө болбойт.*
- *Кайсыл намазды окуп жаткан болсок, ошол намазга ниет кылабыз.*

***Эми намаз окууну биргеликте үйрөнөлү...***

## *Ифтитах таакбири*
## *(Башталгыч такбир)*

*Намаз окуудагы алгачкы парз - "**Ифтитах такбири**". Ифтитах такбири колдорубузду сүрөттөгүдөй көтөрүп: "**Аллаху Акбар**", – деп айтуу менен аткарылат. Колдорубузду сүрөттөгүдөй кылып көтөрүү - бул пайгамбарыбыз (с.а.в.) дын сүннөтү.*


*Бул парзды аткаруу менен биз намазды баштаган болобуз.*

***Намаз окуп жатканда, бизди жоктон бар кылып жараткан Аллах Тааланын алдында экенибизди сезип, кыймыл-аракеттерибизди адеп менен аткарабыз. Намазыбыз менен гана алек болуп, башка нерселерди ойлобойбуз.***

***"Аллаху Акбар" "Аллах эң улуу" деген маанини билдирет.***

"**Албетте, Намаз адамды ыплас иштерден жана күнөөлөрдөн тыят.**

*(Анкабут сүрөсү, 45-аят)*



# Кыям *(Тик туруу)*

*Намаздын экинчи парзы - кыям, башкача айтканда, тик туруу. Ифтитах такбиринен кийин колдорубузду сүрөттө көрсөтүлгөн сыяктуу байлап, "Субханака" дубасын, "Фатиха" сүрөсүн жана Курани Каримден бир канча аят окуйбуз. Намазда Куран окуу намаздын үчүнчү парзы болуп эсептелет. Ал **"Кыраат"**, – деп аталат.*

***Кыздар! Кыраатта Курани Каримдин аягында жаттоого жеңил кыска сүрөлөр бар.***

***Намаз - өтө маанилүү ибадат. Ошондуктан, намаз окуп жаткан учурда Аллах Тааланын алдында экенибизди унутпастан, окуп жаткан аяттардан башка нерсени ойлобошубуз шарт.***